**“Бекитемин”**
**Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору, академик А.Акматалиев**
“___” ______ 2023-жыл

**Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**

**№14 ПРОТОКОЛУНАН көчүрмө**

Бишкек шаары 2023-жыл, 26-декабрь

**Катышкандар:** А. Акматалиав – ф.и.д., акад., – төрага, Койлубаев К.-бөлүм башчы, ф.и.д., Ыйсаева Н. – ф.и.к., бөлүм башчы, Кадырмамбетова А. – ф.и.д., Жамашева Г. – ф.и.к., бөлүм башчы, Мукасов М. – ф.и.к., Исаева А. – ф.и.к., бөлүм башчы, Көлбаева М. – ф.и.д., бөлүм башчы, Орозова Г. – ф.и.к., Конурбаева Р. – ф.и.к., Нарынбаева Н. – ф.и.к., Садыров М. – ф.и.к. , илимий кызматкерлер: Сардарбекова Э., Сарыбаева Н., Козубекова Г., Туратбеков К., Кубатбек кызы С., Качкынбай кызы А. – окумуштуулар кеңешинин катчысы.

**Күн тартиби:**

2. Изденүүчү Кожабаева Динара Абылай кызынын 10.01.03-чет элдер адабияты (казак адабияты) адистиги боюнча **“Казак адабиятында Желтоксон окуясынын көркөм сүрөттөлүшү”** аттуу кандидаттык диссертациясын талкулоо.

**Угулду:**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Академик Акматалиев А.А.** Кожабаева Динара Абылай кызынын 10.01.03-чет элдер адабияты (казак адабияты) адистиги боюнча **“Казак адабиятында Желтоксон окуясынын көркөм сүрөттөлүшү”** аттуу илимий ишин талкуулоо үчүн окумуштуулар кеңешинде чогулуп отурабыз. Алгач диссертантка сөз берсек.

**Диссертант: Кожабаева Динара Абылай кызы**

Бөлүм талкуусунда илимий иштин структурасын оңдоп-түзөө, тактап айтканда биринчи менен экинчи бөлүмдү оңдоо, ар бир бөлүм аягына жыйынтык чыгаруу, бөлүмдөр ортосундагы байланышты берүү, корутундуну так жана илимий стилде берүү сыяктуу эскертүүлөр айтылган. Ар бир айтылган сунуш-пикирди эске алып, илимий иштин структурасын толугу менен оңдоп чыктык. Ар бир бөлүмгө кыскача токтолуп өтсөк:

Диссертациялык иликтөөдө 1986-жылы 17-18-желтоксон күндөрү Алматыда болгон окуя көркөм адабиятта, өзгөчөлүктөрдө жана көркөм

жаңылыктарда кандайча сүрөттөлгөнүн карап чыктык. Бул темадагы биринчи изилдөө болгондуктан, «Казак адабиятындагы Желтоксон көтөрүлүшүнүн көркөм түзүлүшү» деген темабызга ылайык, адабияттын үч жанрын: поэзия, проза, драматургияны баарын алдык. Үч бөлүмдөн турган илимий-изилдөө ишинде Желтоксон окуясынын казак адабиятындагы ордуна баа берүүгө аракети болчу.

Биринчи бөлүмдө Желтоксон көтөрүлүшүнө катышкан акындардын ырлары талкууланды. Ал ырлар көркөмдүк жагынан эмес, согуштук кайраткерлик, тайманбастык жагынан талданган. Ошол окуяга катышып, бийлик тарабынан куугунтукка кабылып, абакта жаткан жаш кутумчулардын дымактуу ырларынын көбү биринчи жолу талданууда. Желтоксон акындары К.Рыскулбеков, Б.Үсөнов, А.Карипжан, Б.Шарахымбай, К.К.Ахмет, К.Рыскулбеков, А.Кайран, Б.Кошим, Б.Алимжанов поэзиясындагы Желтоксон темасы изилденген. Мындан тышкары, Желтоксон темасына арналган, бүгүнкү күнгө чейин популярдуулугун жоготпогон ырлар биринчи жолу илимий эмгекте топтоштурулган. Алар: Э.Раушановдун «Кара боор Кашкалдак», И.Сапарбайдын «Мен казак кыздарына айраң калам», А.Асылбековдун «Желтоксон жели ызгаарлуу», М.Шахановдун «Желтоксон ызгаары», Б.Үсөновдун «Ак чардак» чыгармалары.

Бул темада бардык жанрдагы чыгармалар жазылган. Драмалык чыгармалары да аз эмес. Белгилей кетсек, поэзия жана проза жанрында казак жазуучуларынын гана чыгармалары кирсе, драматургия жанрында кыргыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармасы талдоого алынган. Бул жанрдагы пьесаларда Желтоксон темасына автордун мамилеси жанрдын талабына ылайык берилген. Желтоксон темасына арналган проза, лирика, драма жанрларындагы чыгармаларды туташтыкта караштыруу казак адабиятынын тарыхы үчүн маанилүү. Желтоксон көтөрүлүшүн поэтизациялаган лирикалык туундуларда казак калкынын кылымдарды тепчиген күрөшкерлик кайратын айкындаган эпикалык жана акындык поэзиядагы көркөм ыкмалар ийгиликтүү пайдаланылган. Анда фольклордогу эпикалык формулалар, архаизмдер башка дагы кайталоонун түрлөрү, риторикалык суроолор кездешет. Желтоксончу акындардын чыгармачылыгында ошол айтылуу көтөрүлүшкө катышкан жаштардын көңүл-күйүн, аянттагы окуяга байланыштуу тарыхый фактыларды поэтизациялоодо лирикалык пафос менен дымактуу дем басымдуу. Желтоксон темасындагы обондуу ырлар бурмаланган чындыкты ачык жарыялап, оторчулук (колониялык) саясатты женди. Сөз кудурети обон менен үндөшүп, калктын демине дем кошту.

Иликтөөнүн экинчи бөлүмүндө тема боюнча прозада жарык көргөн

чыгармалар талдоого алынды. Аңгеме жанрында А.Алтай, М.Байгут, К.Абилхайыр, К.Түмөнбай, М.Сүйүншалиева; Повесть жанрында Н.Ораз, Ж.Кеттебек, О.Ахмет, С.Оспан; Роман жанрында Т.Саукетаев, Д.Досжанов, Н.Куантай, Р.Токтаров, Б.Мукайдын чыгармалары боюнча изилдөө жүргүздүк. Алардын чыгармаларынын негизги максаты Желтоксон окуясынын чындыгын окурманга, ал тургай коомго жеткирүү экени аныкталды.

Прозалык чыгармаларда Желтоксондун тарыхый чындыгын көркөм чындыкка айландыруудагы идеялык-көркөмдүк изденүүлөр жанр табигатына шайкеш чеберликте жүргүзүлгөн. Прозапык чыгармаларда тек реалисттик усул-ыкма гана емес, ошондой эле модернисттик жана постмодернисттик усул-ыкмалардын элементтери бар. Драмалык чыгармалардагы башкы конфликт улуттук жана социалдык сыпатта көрүнүп, тоталитарлык система менен улут өкүлдөрү арасындагы кагылыш алдыңкы орунга чыккан. Драмалык жана прозалык чыгармалардын каармандары Желтоксон көтөрүшүнө катышкан, кеңеш бийлиги тарабынан куугун көргөн турмуш чындыгындагы реалдуу кейипкерлер. Алар даанышман, колбашчы, жаангер бейнесин эске түшүрөрлүк сыпатта, ошону менен бирге эле айрымдарынын тагдырына жаштайынан балта чабылган трагедиясы аянычтуу сыпатта өтө таасирлүү сүрөттөлөт;

Жыйынтыктап айтканда, 1986-жылдын Желтоксон окуясына арналган көркөм чыгармалар азыркыга чейин адабият тарыхый илимди үйрөтүүнүн өзгөчө көркөм куралы экенин көрсөткөн, өзгөчө көркөм чыгарма катары баалоого татыктуу. Бу тема бүгүнкү доордун актуалдуу маселеси. Казак адабияты тарыхында бөтөнчө орду бар Желтоксон темасын негиз кылып алган чыгармаларда бир доордун ачуу чындыгы көркөм жыйнакталган: казак акын-жазуучулары адабияттын барлык жанрында Желтоксон касыретинин себеби менен салдарын бейнелөөнү талапка жооп берерлик деңгээлде поэтизацияланган.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Академик Акматалиев А.А.** Рахмат. Анда талкууга өтсөк. Кимде кандай пикирлерлер бар?

**Ф.и.д. Кадырманбетова А.К.:** Мен диссертацияны окуп чыктым. Иш жакшы. Желтоксанга байланыштуу бардык прозадагы, драмадагы, поэзиядагы материалдар менен тааныш экен. Кыргыз тилинде окутук. Поэзиянын которулушуна аябай ыраазы болдум. Журналдарга берип жарыялап койсо жакшы болот. Кандидаттык иш үчүн киришүү бөлүмү негизинен 5-6 бет болсо жетиштүү болмок. Бул жерде 13 бет экен. Кириш бөлүмүнө тиешеси жок материалдар да кирип кеткен. Обзордук бөлүм 1.1 ге кириш керек. 3-8-беттер. Иштин актуалдуулугу эмнеде экендигин 1 бетке

жазып койсонуз жетиштүү болот. Методология боюнча такыр маалымат жок экен. Азыркы талап боюнча ушул маселени кошуш керек. Сиздин ишиңиз ушуну талап кылып жатат. Доордун адабият таануусу деген теория бар. Ошону да кошсонуз, ишиңиз терендеп калат. Ишиңиз көбүнчө илимий-популярдуу стилге акынырак болуп жатат. Ушул багытта көпчүлүккө жеткиликтүү жазылган. Китептин форматына жакыныраак болуп калган. Поэзиядан көп мисалдар келтирилип жатат. Аларды кыскартуу керек. Тиркеме катары кетирсеңиз жакшы болотго деп ойлойм. Анан үч главанын аягына кыскача 2-3 беттик корутундуу болуш керек. Ал жок. Ошондой эле корутундууну да илимий талапка, милдетке ылайык толуктап жазыш керек. Сиздики жалпы сөздөр болуп жатат.

Терминдер менен тереңцетүү керек. Ийгилик каалайбыз.

**Ф.и.д.,** бөлүм башчы Көлбаева М.К.: Бул ишти мен да окуп чыктым. Иштин максатында проза, поэзия, драматургияны да чогуу алган. Бирок иште поэзиянын өзүн алса деле бир диссертация чыкчудай материал бар экен. Факты, материалдар деле ошону көрсөтүп турат. Бирок, изденүүчүбүз бардык жанрды жалпы системалуу изилдөө максатын көздөгөн. Ошого байланыштуу бардыгын камтыйм деп жатып илимий-популярдуу стилге жакындап кеткен. Максат, милдеттерди пландап алган. Айрым бир жерлерин алып-кошуу керек. 5-6 пунктта көрсөтүлгөн буга чейин жарык көрбөгөн кийинки ишиңизде балким алсаңыз болот. 6-пункта да жыйынтыкты конкреттештирүү керек. Коргоого коюлуучу жоболорду да иштеп чыгуу керек. Обондуу ырларга да өзүнчө параграф берилген. Өзүнчө бөлүп кароонун зарылдыгы бар беле? деген суроо туулат. Аны поэзиянын ичинде эле карап, талдаса болмок. Ушул параграфты кыскартуу керек деп ойлойм. Проза боюнча материалдар көп. Иштин объектиси, предмети, методологиясы иштин экинчи бөлүмүндө берилиши керек. Корутундууну да конкреттештирүү керек.

Жалпысынан, иш жакшы жазылган. Материал абдан көп, аларды системалап, кыскартып, илимий талдоолорду кошсо, иш мыкты деңгээлге жетет деп ойлойм. Ийгилик!

Ф.и.к. Мукасов **М.:** Жогоруда жакшы пикирлер айтылып жатат. Менда кошулам. Романдарды, көлөмдүү поэзияларды окуп чыгыштын өзү канча мээнетти талап кылат. Илимий жактан терендетиш керек деген сөздөр жа жүйөөлү айтылып жатат. Поэзияда бир нерсеси аябай жакшы. Кызыл кыргын, кара сүргүн болуп жаткан кезде эмоция менен жазылган ырлар бар. Ошолорду жакшы талдаган. Техникалык жактан каталар бар. Ишти жалпысынан коргоого сунуш кылса болот.

**Ф.и.д. Нарынбаева Н.:** Иш тууралуу айтсак. Динаранын иши туура айтасыздар, илимий-популярдуу стилде болуп калган. Желтоксон боюнча бир эле магистрдик иш жазылган экен. Бул илимий иш биринчи иш. Кандидаттык ишке татыктуу. Корутунду жазыш керек. Жалпысынан коргоо сунуш кылам.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Академик Акматалиев А.А.** Дагы кимде ой-пикирлер, кошумчалар бар?

**Ага илимий кызматкер Эшматов Р.:** Бөлүмдүн талкуусунан кийин иш жакшы оңдолуп, анализделген. Жалпысынан бир системага келтирилген. Бирок, айта турган нерсе, стили илимий-публицистикалык стил болуп жатат. Илимий жакка басым жасаш керек. Теория-методологиялык жактан аксап жатат. Жалпылаштырган сөздөр жок болуп жатат. Ар бир чыгарманы алып эле талдап, бири бирине байланыш жоктой болуп калган. Иш жакшы. Сунуш кылам.

**Илимий кызматкер Сардарбекова Э.:** Динара, ишиңизде бир топ эле толуктоолор, алымча-кошумчалар болгон. Киришүүдөн корутундууга чейин жазуу эрежелерин сактап, эске алсаңыз деп ойлойм. Которулган вариантта казак тилиндеги сөздөр кирген, алар ашыкча деп ойлойм. Стилдик жактан анча-мынча сөздөр түшүнүксүз экени байкалат. Корутундууларды теориялык жактан тереңдетүү керек. Масштабдуу иш экен. Чоң жумуш болуп жатат. Ийгилик.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Академик Акматалиев А.А.** Динара чындыгында чоң эрдик кылды. Казак адабиятындагы дың жерди алгач изилдеп чыкты. Бул жерде өтө кылдат мамиле талап кылчу ишти алып чыгып жатат. Ал жерде саясий маселелер турат. Ал окуяларды жанынан көрбөсөк да, теле-радиодон көрүп, угуп жаттык. Көз алдыбыздан өткөрүп жаттык. Бул чоң трагедия. Ата-Мекенди коргошубуз керек, өз алдынча болушубуз керек экен деген сезимдерди ойготту. Адамдардын чыныгы жүзүн көрсөттү. Шакирттер, кадрлары каршы чыгышты. Мунун баарын биз кийин билдик. М. Шаханов СССР Жогорку советинде атайын комиссия түздүрүп, изилдетти.

Бул иште изилдөөчү жалпысынан Желтоксондун картинасын түзүп койду. Системалуу, иреттүү жазылган экен. Милдети, максаты да туура. Бирок, жыйынтыктар, корутундуулар толукталып, жазылышы керек. Туура айтышат, обондуу ырларды бөлбөй, поэзиянын ичинен эле кароо керек.

Илимий иш кызыгуу менен аткарылгандыгы көрүнүп турат, аны моюнга алуу керек. Теориялык адабияттар, методикалык адабияттар жетиштүү жана орундуу колдонулган. Албетте коргоого чейин илимий иш редакцияны жана техникалык оңдоолорду талап кылат, оңдолот деген

ойдобуз. Диссертантка ийгилик каалайбыз жана коргоого сунушталсын дегендер кол көтөрүп коюңуздар. Рахмат, бир добуштан коргоого сунуштайбыз.

**Диссертант: Кожабаева Динара Абылай кызы:**

Рахмат, урматтуу агай-эжелер айтылган ар бир пикирди эске алабыз, анткени айтылган ойлор бизге илимий багыт алганга жардам берет. Илимий ишибиздин стилин, структурасын редакциялап оңдоп чыкканга аракет кылабыз. Сиздерге терең ыраазычылык билдирем.

**Ч.Айтматов ат. Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши Күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Токтом кылат:**

3.1. Диссертациялык иштин мазмунуна карата айтылган сунуш-пикирлер диссертант тарабынан эске алынсын;

3.2. Изденүүчү Кожабаева Динара Абылай кызынын 10.01.03 – чет элдер адабияты (казак адабияты) адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **"Казак адабиятында Желтоксон окуясынын көркөм сүрөттөлүшү"** деген темадагы диссертациясы диссертациялык кеңешке сунушталсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Акматалиев А.**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы Качкынбай кызы А.**